СУНУШТАЛДЫ

«Нур» ЖАКтын мамлекеттик тил боюнча

орун басары: ________ Г.Ч. Калдарбекова

“_8_” ___11___ 2017-жыл

БЕКИТЕМИН

«Нур» ЖАКтын директору:

________ З.Э. Матанбаева

“08” ___11___ 2017-жыл

# “Нур” Жалал-Абад колледжинин студенттеринин омбудсмени жөнүндө

# ЖОБО

## Жалпы жоболор

1. Студенттердин омбудсменинин негизги максаты болуп "Нур" Жалал-Абад колледжинин студенттеринин укуктарын жана кызыкчылыктарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде камсыздоо болуп эсептелинет.
2. Омбудсмен окуу жайдын студенттеринин ичинен жалпы жабык добуш берүү процедурасы аркылуу тандалат, ал колледждин директору тарабынан 1 жылдык мөөнөткө бекитилет (бир нече жолу мөөнөтүн узартуу мүмкүнчүлүгү менен).
3. Омбудсмен өз ишмердүүлүгүн КРнын укуктук-ченемдик актгарына жана “Нур” ЖАКтын жобо жана эрежелерине, ошондой эле өзүнүн акыл-эсине таянып аткарат.

## Омбудсмендин функциялары

4. Омбудсмендин функциялары:
- колледждин билим берүү процессине байланышкан студенттердин оозеки жана жазуу түрүндөгү кайрылууларын, алардын укуктарынын аткарылышы жана мыйзам чегиндеги кызыкчылыктарынын сакталышын кароо;
- окуу жайдын кызматкерлери менен болгон конфликттик жагдайларда студенттердин кызыкчылыктарын алып чыгуу жана студенттерге кеңештик кызматтарды көрсөтүү;
- өз компетенцияларынын алкагында студенттерге байланышкан суроолорду колледждин директору, анын орун басарлары жана структуралык бөлүмдөрдүн жетекчилерине талкууга алып чыгуу;
- студенттик өзүн-өзү башкаруу органы менен бирдикте студенттердин окуудагы жана окуудан тышкаркы көйгөйлөрүн чечүүгө катышуу.

## Омбудсмендин милдеттери

5. Омбудсмен милдеттүү:
- омбудсмен тарабынан колледждин студенттерин кабыл алуу убактысын так жана жеткиликтүү түрдө түзүп, анын аткарылышын камсыздоо;
- студенттер тарабынан түшкөн арыздарга жана даттанууларга оперативдүү жооп берүү жана көйгөлөрдү чечүүгө бардык мүмкүнчүлүктөрдү жумшоо;
- студенттердин даттанууларын жана сунуштарын кароодо көзкарандысыздыкты, калыстыкты жана сыр жашырууну камсыздоо;
- даттануулар жана сунуштарга болгон жоопторду, ошондой эле башка жүргүзүлгөн иш чаралардын жыйынтыктарын студенттерге жана колледждин жетекчилигине өз убагында (48 сааттын ичинде) жеткирүү.

## Омбудсмендин укуктары

6. Омбудсмен укуктуу:
   - колледждин студенттери тарабынан берилген даттануулардын жагдайларын өз алдынча текшерүү;
   - колледждин кызматкерлери менен студенттердин ортосунда келип чыккан конфликттерде студенттердин кызыкчылыктарын коргоо;
   - студенттердин даттанууларын жана сунуштарын чечүү маселелерине байланышкан окуу жайдын администрациясынын жана студенттеринин чогулуштарына катышуу;
   - студенттердин укуктарын камсыздоого байланышкан жагдайларды жакшыртуу максатында педагогикалык, усулдук жана башка кеңештерге өз сунуштарын киргизүү;
   - студенттер менен эң жакшы иш алып барган колледждин кызматкерлерине сыйлык берүү жөнүндөгү сунуштарды киргизүү.

## Омбудсмендин аткара турган иштери

- Мыйзам чегинде студенттердин кызыкчылыктарын коргоого багытталган ишмердүүлүк;
- Студенттердин активдүү жарандык позициясын калыптандырууга көмөктөшүп, укуктук жактан камсыздоо;
- Студенттердин кызыкчылыктарынын жана укуктарынын сакталышына мониторинг жүргүзүү;
- Билим берүү процессинин сапатын жогорулатууга багытталган ишмердүүлүктүн жүргүзүлүшүнө көмөк көрсөтүү;
- Студенттердин актуалдуу муктаждыктарын аныктап, талдоо;
- Студенттердин үй-бүлөдөгү, окуу жайдагы абалдарына талдоо жүргүзүү;
- "Кооптук топко" кирген студенттерди аныктоо, алар менен колледждин администрациясы, ата-энелер комитети жана студенттик өзүн-өзү башкаруу уюмунун катышуусу менен иш жүргүзүү;
- Коррупциялык көрүнүштөрдүн алдын алуу иштерине катышуу.

## Омбудсмендин кызматтык милдеттерден бошотулушу

7. Омбудсмен аткарган функцияларынан директордун чечими менен четтетилет:
   - өз каалоосу менен;
   - өзүнүн милдеттерин канааттандыраарлык эмес аткаргандыгына жана бир нече жолу милдеттеринин одоно түрдө бузгандыгына байланыштуу;
   - студенттер тарабынан анын ишмердүүлүгү канааттандыраарлык эмес деп табылса.